## ПРАВО

УДК: 342.82

**Абдылдаева Наргиза Уркасымовна**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин,
Стартап борборунун жетекчиси, юридика илимдеринин кандидаты,
Мамлекеттик кызмат жана укук теориясы кафедрасынын
доцентинин милдетин аткаруучу.
E-mail: startup.centre.arabaev@gmail.com
**Абдылдаева Наргиза Уркасымовна**
руководитель Стартап центра Кыргызского государственного университета
имени И.Арабаева, кандидат юридических наук, и. о. доцента кафедры
Теории государственного управления и права.
**Abdyldaeva Nargiza Urkasymovna**
Head of the Startup Center of the Kyrgyz State University named after I.Arabaev,
Candidate of Law

**Мусуралиева Мээрим Мамбеткалыковна**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин,
Экономика жана менеджмент институтунун доценти, саясат илимдеринин кандидаты
E-mail: meerim.musuralieva@mail.ru
**Мусуралиева Мэрим Мамбеткалыковна**
доцент Института экономики и менеджмента Кыргызского государственного
университета им. И. Арабаева, кандидат политических наук
**Mururalieva Marim Mambetkalykovna**
Candidate of Political Institute of Economics and Management of the Kyrgyz State University
named after I. Arabaev
**Сарымсаков Каныбек Кубанычбекович**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин,
Дене тарбия жана спорт институтунун директору
E-mail: kebinak89@gmail.com
**Сарымсаков Каныбек Кубанычбекович**
директор Института физической культуры и спорта Кыргызского государственного
университета им. И. Арабаева
**Sarysakov Kanybek Kubanychbekovich**
Director of the Institute of Physical Culture and Sports of the Kyrgyz State University
named after I. Arabaev

# “1991-2025: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ”

# «1991–2025: ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ И ПЕРСПЕКТИВЫ ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»

# “1991–2025: STAGES OF DEVELOPMENT AND PROSPECTS OF THE ELECTORAL SYSTEM OF THE KYRGYZ REPUBLIC”

**Аннотация.** Макалада эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый өнүгүүсү жана ага киргизилген реформалар талданат. Автор шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин ачып берип, ар кандай шайлоо моделдеринин – мажоритардык, пропорционалдык жана пропорционалдуу-преференциалдык системалардын

өзгөчөлүктөрүн салыштырып көрсөтөт. Шайлоо процессиндеги негизги өзгөрүүлөр 1991-жылдан тарта этаптарга бөлүнүп каралат. Айрыкча 2005, 2010 жана 2020-жылдардагы саясий окуялар шайлоо системасынан келип чыккандыгы чагылдырылып, баса белгиленет. 2021-жылдагы референдумдан кийин шайлоо мыйзамдарына киргизилген жаңылыктар, анын ичинде бир мандаттуу жана партиялык тизме менен шайлоо айкалышып колдонулганы, бул ыкманын артыкчылыктары жана кемчиликтери шайлоонун жыйынтыктары талданып, сандарга басым жасалып иликтенет. Макалада шайлоолордо элдин ишенимин камсыз кылуу жана укуктук-мыйзамдык тактыкты түзүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулат.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргыз Республикасы, Конституция, укук, шайлоо системасы, демократия, мажоритардык система, пропорционалдык система, реформа, парламент, шайлоочу.

**Аннотация.** В данной статье проводится анализ исторического развития избирательной системы суверенной Кыргызской Республики и осуществлённых в ней реформ. Автор раскрывает конституционно-правовые основы избирательной системы, а также сопоставляет особенности различных моделей выборов - мажоритарной, пропорциональной и пропорционально-преференциальной систем. Основные изменения в избирательном процессе рассматриваются поэтапно, начиная с 1991 года. Особое внимание уделяется политическим событиям 2005, 2010 и 2020 годов, акцентируя их связь с трансформациями избирательной системы. Также исследуются нововведения, внесённые в избирательное законодательство после референдума 2021 года, включая сочетание голосования по одномандатным округам и партийным спискам, с анализом преимуществ и недостатков данной модели. В статье особое внимание уделяется вопросам обеспечения доверия граждан к выборам и необходимости правовой определённости в избирательных процедурах.

**Ключевые слова**: Кыргызская Республика, Конституция, право, избирательная система, демократия, мажоритарная система, пропорциональная система, реформа, парламент, избиратель.

**Abstract.** This article analyzes the historical development of the electoral system in the sovereign Kyrgyz Republic and the reforms implemented within it. The author examines the constitutional and legal foundations of the electoral system and compares the features of various electoral models — majoritarian, proportional, and proportional-preferential systems. Key changes in the electoral process are reviewed in stages, beginning in 1991. Special attention is given to the political events of 2005, 2010, and 2020, emphasizing their connection to the transformation of the electoral system. The article also explores the legislative innovations introduced following the 2021 referendum, including the combination of single-member district voting and party-list voting, analyzing the advantages and disadvantages of this hybrid model. Particular focus is placed on ensuring public trust in elections and the need for legal clarity and consistency in electoral procedures.

**Keywords**: Kyrgyz Republic, Constitution, law, electoral system, democracy, majoritarian system, proportional system, reform, parliament, voter.

**Киришүү**

Демократиялык өлкөлөрдө шайлоо эки түрдүү – мажоритардык жана пропорционалдык жол менен өткөрүлө тургандыгын белгилеп кетсек, булар [11]:

- **Мажоритардык** шайлоо ыкмасында – өлкөдө шайлоо округдары уюшулуп, ат салышкан талапкерлер шайлоочулардын көп добушун топтосо ал жеңишке жетишет [11, б. 16-17].
- **Пропорционалдык** шайлоодо добуш жалпы мамлекеттин алкагында, кайсы бир саясий партиянын пайдасына берилет экен. Депутаттык мандат шайлоочулардын добушунун санына жараша бөлүнөт [11, б. 17-20].
- **Аралаш** шайлоо ыкмасы, эки ыкманын бирдей чогуу колдонулган учурлары. Мисалы: Кыргызстанда 2005-жылы парламенттик шайлоодо мажоритардык менен пропорционалдык ыкмасы бирдей тең колдонулган. Парламенттин мыйзам чыгаруу жыйынындагы 45 орунга депутаттар бир мандаттуу округдардан, калган 15 орун саясий партияларга берилген [11, б. 24].

• 2021-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоодо пропорционалдуу-преференциалдык ыкма жана ошондой эле можаритардык ыкма колдонулду, 90-депутаттын 54-партиялык тизме менен шайланса, 36-бир мандаттуу округтан шайланып келишти [11, б. 24].

• Ал эми кийинки паралменттик чакырылыш көп мандаттуу мажоритардык система менен өтүлүүсү күтүлүүдө.

**Изилдөө натыйжасы**

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын (мындан ары КР) шайлоо системасынын тарыхын талдап, жүргүзүлгөн реформалардын максатын, шайлоонунун жыйынтыктарына илимий изилдөө жүргүзүп КРнын Жогорку Кеңешинин (ЖКнин) депутатын шайлоо процессинен кийин келип чыккан көйгөйлөрдүн түрлөрүн эки этапка бөлүнүп кароо сунушталууда:

*1-этап. Эгемендүүлүк алган күндөн баштап шайлоо системасына автоматтык эсептөө урнасы (мындан ары АЭУ) менен биометрикалык паспорт аркылуу шайлоочунун тизмеси киргизилгенге чейин (1991-2015).* Бул этапта шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо боюнча механизимдерине төмөндөгү көрүнүштөр киргизилди [11, б. 91]:

• бир эле шайлоочунун бир нече жолу шайлого катышуусу (карусель);

• ашык бюллетендерди бир талапкер үчүн белгилеп урнага таштоо (мертвые души);

• Участкалык шайлоо комиссиясы (мындан ары УШК) мүчөлөрү бюллетендерди урнага топ менен таштоо (сброс бюллетней);

• административдик ресурс колдонуу.

*2-этап. КРнын шайлоо системасына санариптешүү, автоматташтыруу технологиясы толук кандуу өнүктүрүлүп ишке киргизилүүсүнөн кийинки учур (2015-бүгүнкү күнгө чейин).* Бул этапта шайлоонун жыйынтыгын бурмалоосу боюнча механизимдерге өзгөрүү кирген [13, 15]:

• добуш сатып алуу, сатуу. Шайлоочулардын добушуу баалу болуп ар бир добуштун баасы 2000 сомдон 5000 сомго чейин көтөрүлдү;

• БШКнын форма №2 иш кагазынын түп максаты жокко чыгарылып, добуш сатып алуу механизиминде колдонулду (2021-жылы жокко чыгарылды);

• административдик ресурс, мамлекеттик мекемелердин жеткечилери тарабынан кол алдындагы кызматкерлерине тиги же бул талапкерди шайлоосуна буйрук берүү жана мекеме алдындагы шайлоо участкаларына талап кою күчкө кирди;

• 2020-жылдан бүгүнкү күнгө чейин шайлоого катышпай коюу менен баарына каршы добуш берүү күч алды.

«КРнын шайлоо системасында жүргүзүлгөн реформалардын жыйынтыгын чыгара турган болсок, аткарылган реформалар канааттандырарлык өзгөрүүлөрдү берди, жакшы жыйынтыктарга жетти, шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо механимиздеринин көптөгөн түрүнүн алдын алып, жокко чыгарылды. Бирок ошол эле учурда реформанын иш алкагында техникалык өзгөртүүгө басым жасалып, жалпы шайлоо системасын камтый турган идеология эске алынган эмес, жыйынтыгында бүгүнкү шайлоочу шайлоо укугун туу тутуунун ордуна аны сатууга өтүп кетти” [12, б. 368-370].

“Мамлекет баш-аламандыктарды, татаал социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөрдү башынан бир нече ирет өткөрдү. Мисалы алып карасак: Аксы окуясы – март 2002-ж.; жоогазын революциясы – 24-март 2005-ж.; элдик апрель революциясы – 7-апрель 2010 ж.; парламенттик шайлоодон кийинки чыккан жаңжал – 4-октябрь 2020 ж.. Эркиндикти туу туткан эл катары мамлекетибиз демократиялык принциптер менен түптөлүп келет, бирок демократиялык принциптер мамлекеттин түптөлүшү менен чогуу калыптанып келсе дагы демократиялык салттар түптөлө элек десек жаңылышпайбыз” [14, б. 188] деп автор илимий макаласында белгилеп кеткен. “Кандай гана калк болбосун тиешелүү саясий маданияты болбой туруп, ал коомдо демкоратиялык түзүлүштүн орношу жана анын натыйжалуу өнүгүшү мүмкүн эмес” [20, б. 3] деп М.Т. Артыкбаев Саясат таануу илими аттуу китебинде белгилеп кеткен. “Жыйынтыктап айтканда, шайлоо системасына инновациялык технологияларды киргизүү маанилүү. Ошол эле учурда улуттук стратегияга шайлоочунун маданиятын калыптоочу идеологиялык

ишти киргизүү да маанилүү. КРнын Шайлоо комиссиясынын Борбору шайлоочунун маданияты тууралуу иш-чараны КРнын Билим берүү жана илим министрлиги, КРнын Маданият, маалымат, спорт саясаты жана министрлиги жаштар менен бирдикте жүргүзүүсү керек. Анткени, жарандын калыптанышы, түптөлүшү жаштайынан башталат. Андыктан окуу программасы, жаштар менен ар кандай таалим-тарбия иш-чаралары, ошондой эле массалык маалымат каражаттары аркылуу бирдиктүү иш алып баруусу зарыл. Бүгүнкү күндө жарандардын аң-сезимине реформа жасоо маанилүү жана аң сезимди өзгөртүү менен гана таза шайлоого жетүүгө болот, эл өз тандоосун жасайт деп ишенебиз" [13, б. 198].

"КРнын ЖКнин депутатын шайлоо процессиндеги кездешкен көйгөйлөр талданып, орчунду көйгөйлөрдү топторго бөлүп карадык: 1- шайлоо системасын камтыган мыйзамдардын татаалдыгы жана туруксуздугу; 2- административдик ресурс; 3-кара пиардын колдонулушу; 4-шайлоого катышпоо; 5-баарына каршы добуш берүү деп бөлүндү" [11, б. 93-100].

*1-топ. КРнын шайлоо системасына тиешелүү мыйзамдардын татаалдыгы жана туруксуздугу:*

- "2015-жылы шайлоо системага биометрикалык маалыматтарын тапшырып жаңы үлгүдөгү паспорт алган жарандар гана шайлоого катышып добуш бере алышат деген өзгөчөлүктүн киргизилиши жана талапты аткарбаган жарандар, шайлоо укугунан ажыратылган учур шайлоочуларды иренжитти, жана алардын шайлоо укугун ишке ашыруу кызыгуусун жок кылды" [12, б. 368-369];
- "БШКнын форма-2 арызы колдонуудан алынгандыгы. Эскерте кетсек форма-2 арызынын колдонуудан алынып салынуусу бул форма аркылуу 2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоодо 471 миң жаран өз дарегин алмаштыруу аркылуу шайлоо жыйынтыгын бурмалоого алып келген деп табылып шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылган" [11, б. 93].

*2-топ. Административдик ресурс* шайлоо системасындагы актуалдуу көйгөйлөрдүн бири жана КРнын эгемендүү күнүнөн тартып шайлоо процесстеринде кездешип келет [11, б. 94]. "Шайлоо алдындагы үгүт иштерге мамлекеттик кызматтагы адамдарынын катышуусу (административдик ресурсту пайдалануу), анын ичинде Жогорку Кеңештин депутаттары, мамлекеттик кызматтардын жетекчилери, айыл өкмөтүнүн башчылары ыйгарым укуктарын пайдаланып кайсыл бир талапкерлерди бардык жагынан колдоп келишет [26, б. 85].

*3-топ. Кара пиар, же болбосо көз карандысыз интернет чөйрөнү* кызыктар жарандар активдүү колдонуп, коомчулуктун маданияттын, жаштардын аң-сезимин бузууда. Формалду эмес бийликтин төртүнчү булагы болуп саналган "массалык маалымат каражаттары" интернет тармагы өнүгүп, технологиялардын ар-тармактуу колдонуусу аркылуу коомчулуктун ой-жүгүртүүсүн бурмалап оңой эле башкарып, же болбосо ар түркүн талкууларды жаратып, бүдөмүк салуу жолун табышты. Кээ бир активдүү жарандар журналистердин ишин талашкан блогерлер, фейк маалыматтарды таркатып иштеп калышты. Базалык билими жок, маалыматты таркатуу маданияттан түшүнүгү жок жана эч бир басылманын алдында иш алып барбагандыктан аларды жоопко тартуусу кыйынчылыктарды туудуруп, алардын чындыкка дал келбеген маалыматтары таркалып, элдин оюн бурмалап, бүдөмүк салуу абдан өнүктү. Бул көйгөйгө туруштук берүү максатында КРнын укук бузуулар жөнүндө кодексинен 66-беренеси кабыл алынган "Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалыматтарды жайылтуу" - жеке жактарга 125 эсептик көрсөткүч (12 500 сом), юридикалык жактарга 350 эсептик көрсөткүч (35 000 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет. Ошондой эле ушул эле мыйзамдын 67-беренесинде Талапкердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу. Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланганга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу, - юридикалык жактарга 175 эсептик көрсөткүч (17 500 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет


деп берилген [7]. Кара-пиар көрүнүштөрүнө каршы күрөшүү үчүн мыйзамдарды өркүндөтүү, социалдык медиа жана башка платформалардын кызматташтыгын камтыган комплекстүү мамиле кылуу талап кылынат. Эң негизгиси жоопко тартууну ишке ашырып, коомчулукка маалымат таркатылышы керек. 2024-жылдын башына “24.kg” маалымат агенттигинин жетекчилерин суракка чакырып, блогерлердин кармалышы тиешелүү органдардын туруктуу иш алып барып жаткандыгынан маалым берет [11, б. 98].

*4-топ. Катышпоо - латынча absentis.* Шайлоочулардын шайлоодо добуш берүүдөн баш тартуусу, же болбосо кеңири мааниде алып караганда, аракетсиздикти мүнөздөгөн саясий жүрүм-турумдар, башкача айтканда, коомдук иштерден качуу деп билүүгө болот. Шайлоочулардын шайлоо процессине, анын жыйынтыгына кайдигер мамиле кылып, бийлик өкүлү болууга аттанган талапкерге ишенбестик көрсөтүү, шайлоого катышпоо акыркы жылдары күч ала баштады. Жарандардын шайлоого катышпоосу шайлоо процессиндеги терс көрүнүш. Жарандардын көпчүлүгү учурдагы саясий системага ишенишпейт, ошондуктан алар жарандык милдеттерин аткаруудан атайлап качышат жана шайлоонун жыйынтыгына ишенбей, шайлоо системасын түп-тамырынан бери тоготушпайт. Акыркы 10 жылдагы шайлоочулардын шайлоого катышуусу жөнүндө 2010-2021-жж. шайлоочунун саны менен шайлоого катышкандардын саны көрсөтүлгөн статистикалык маалыматтар күбө боло алат. Сүрөттөрдө берилген маалыматтар шайлоочунун өзүнө тиешелүү Конституциялык укугун баалабагандыгы аныкталды десек да туура болот. Берилген маалыматтарга кошумча белгилеп кетүү керек, 2021-жылдын 11-апрелиндеги дайындалган КРнын Конституциясы жөнүндө Референдумда коюлган суроого, макул деп жооп берген шайлоочулардын санын 1,140,754 түзгөн, пайыздык ченем менен айтканда добуш берген шайлоочу 79,32% - түздү да, ал эми, каршы деп жооп берген шайлоочунун санын 181 370 түзүп, пайыздык ченем менен караганда добуш берген шайлоочу 13,72%-түзгөн. Жалпы шайлоочунун саны менен шайлоого катышкан шайлоочулардын санындага айырмачылыкты даана баамдап көрүүгө 2010-2021-жылкы шайоолордун жыйынтыктары талданып, талдоонун негизинде шайлоочунун жалпы саны жана шайлоого келип катышкан шайлоочунун саны салыштырмалуу тартипте көрсөтүлгөн, мисалы: “3.1. сүрөтү” [11, б. 99]




**3.1.** сүрөтү “КРдагы 2010-жылдан баштап 2021-жылга чейинки өтүлгөн шайлоодогу шайлоочулардын саны менен добуш берген шайлоочулардын санынын айырмачылыктары” [22]

Ошондой эле конституциялык Мыйзамдын негизинде 2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн КРнын ЖКнин шайлоосунан кийин, бир мандаттуу округдан шайланган депутаттын мөөнөтүнөн мурда ордун бошоткондугуна байланыштуу кайра шайлоолордун жыйынтыктарын талдап, сандык айырмачылыктар көрсөтүлдү, мисалы: “3.2. сүрөтү” менен “3.1.таблицасы” чагылдырып берилген.




**3.2.** сүрөтү “2021-жылдын 28-ноябрындагы КРнын ЖКнин депутатын шайлоодогу Бир мандатуу №26, 27, 28, 29 шайлоо округтары боюнча шайлоочулардын катталган саны жана добуш бергендердин саны” [22]

БШКнын маалыматына ылайык Бишкек шаарына караштуу №26- 27- 28- 29- округтарындагы шайлоочулардын шайлоого катышуусу 30% гана түзгөндүгү аныкталды. Ал эми республика боюнча шайлоочунун жалпы санынан шайлоого 34,6% гана катышкан. Талапкер катары 21 саясий партия катышып, анын 22-болуп “Баарына каршы” талапкер катышып жана ал 10 саясий партиянын алдына чыгып, 12-катарды ээлеген [11].


**Таблица № 3.1. “2010-2021жж. шайлоочунун саны менен шайлоого катышкандардын саны” [22]**

| № | Шайлоо | Шайлоочу-нун саны | Шайлоого ка-тышкан шайлоо-чунун саны | % түзду |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2010-жылдын 10-октябрында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайлоосу | 2 852 751 | 1 679 538 | 55,90% |
| 2 | 2011-жылдын 30-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Прези-дентинин шайлоосу | 3 032 666 | 1 858 632 | 61,28% |
| 3 | 2015-жылдын 4-октябрындагы Кыр гыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайлоосу | 2 761 297 | 1 630 125 | 59,03% |
| 4 | 2016-жылдын 11 - декабрындагы Ре-ферендум шайлоосу | 2 816 423 | 1 190 752 | 42,28 % |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 2017-жылдын 15-октябрындагы Кыр гыз Республикасынын Президентин шайлоосу | 3 025 770 | 1 697 868 | 56,34% |
| 6 | 2020 жылдын 4 – октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайлоосу | 3 523 554 | бул шайлоонун жыйынтыгы 6-октябрда, нааразычылыктардын натыйжасында добуш берүүнүн натыйжалары жокко чыгарылган | |
| 7 | 2021 жылдын 10 – январындагы Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо жана Кыргыз Республикасынын референдуму | 3 563 574 | 1 395 513 | 39,16 % |
| | | | 1 394 218 | 39,12% |
| 8 | 2021 жылдын 11 – апрелиндеги дайындалган «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдум | 3 606 201 | 1 322 124 | 36,66% |
| 9 | 2021-жылдын 28-ноябрындагы Кыр гыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайлоосу | 3 703 420 | 1 281 622 | 34.61% |

*5-топ. Баарына каршы.* 2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун Бишкек шаарына караштуу бир мандаттуу округдарында жеңүүчү талапкер катары “Баарына каршы” талапкер добуш топтоп чыккан. 2021-жылдан берки өтүлгөн шайлоолордун жыйынтыгына таянсак талапкерлер менен катар тең тайлашып алдынкы саптарга «Баарына каршы» талапкер шайлоочулардын добуштарын топтоп чыгууда жана мындай көрүнүш өкүнүчтүү нерсе, себеби шайлоочунун шайлоого келип “Баарына каршы” деген талапкерге добуш берүүсү жалпы мамлекеттик саясатка, саясий лидерлерге болгон каршылык сыяктуу да бааласа болот. 2021-жылы 28-нобярындагы шайлоодо Бишкек шаарынын № 26, 27, 28, 29-шайлоо округтарынан топтолгон АЭУнун протоколу илимий иште талданды.


Тиешелүү укуктук-ченемдик актыларды талдоонун негизинде шайлоонун саны менен шайлоого катышкан шайлоочунун санынын ортосунда айырмачылык байкалды, ошондой эле баарына каршы талапкерге добуш берген шайлоочунун саны да өстү деп аныкталды. Ал эми “2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн шайлоонун жыйынтыктарын талданганда БШКнын электрондук протоколдун негизинде, эч бир үгүт иштери жок эле алдыңкы позицияларды алган “Баарына каршы” талапкер чыгат жогоруда талданган көрүнүш шайлоо тарыхында биринчи ирет болуп жаткандыгы терс кырдаалды жаратып илимий изилдөөдө теманын актуалдуулугун көтөрүп жатат [11, б. 100-101].





**3.3. сүрөтү “КРдагы 2016-жылдан баштап 2021-жылга чеинки өтүлгөн шайлоодогу шайлоочулардын жалпы саны, добуш берген шайлоочунун саны, жана баарына каршы деп бергендердин санынын айырмачылыгы” [22].**

Шайлоочунун шайлоого катышуу көрсөткүчүнүн төмөндүгү шайлоо системасы жана талапкерлерге болгон ишенбестиктен келип чыгышы мүмкүн, ошол эле учурда ички, сырткы мигранттардын эсебинен да сандын өсүшү мүмкүн деп толуктайбыз, бирок ага карабастан мыйзам чыгаруу органдын өкүлдөрүн 30-40 миңдин ортосундагы шайлоочу чечип калгандыгы өкүндүрөт. АЭ-Унын протоколунун негизинде жеке жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгында, эч бир үгүт иштери жок эле алдынкы позицияларды алган “Баарына каршы” талапкер туралуу маалыматка баа берсеңиздер болот. Талдоолор диаграмма түрүндө көрсөтүлүп, анда берилген сандар КРнын Борбордук шайлоо комиссиясынын берген маалыматтарынын негизинде түзүлгөн. Баарына каршы деген талапкердин алдыга озуп чыгышы жана Биринчи-май менен Свердлов райондорунан лидер болушу – элдин саясий элитага болгон ишениминин жоктугун далилдейт десек болот. Калың элдин көпчүлүгү саясий элитадан чарчагансыйт. Жогорку Кеңештин 6-чакырылышынын алып барган иштери, алардын алсыздыгы дал ушул “Баарына каршы” талапкердин лидер болгондугуна себепкер деп белгилесе да болот.

БШКнын берген маалыматтарынын негизинде 2021-жылдын 28-ноябрында Бишкек шаарында жайгашкан бир мандатуу №26- 27- 28- 29- шайлоо округтардагы шайлоонуну жыйынтыгына, добуштардын бөлүнүшүнө талдоо жүргүзүлдү. Талдоонун жыйынтыгында Бир мандатуу №27 Биринчи май менен №29 Свердлов шайлоо окуруугтарында “Баарына каршы” талапкер эң көп добуш топтогону аныкталды [22], мисалы: “3.4.. сүрөтү – 3.5. сүрөтү”




1.4. **сүрөтү “Бир мандатуу №27 Биринчи май шайлоо округу боюнча добуштардын бөлүнүшү”**




**3.5. сүрөтү “Бир мандатуу №29 Свердлов шайлоо округу боюнча добуштардын бөлүнүшү”**

**Корутунду**

КРнын ЖКнин депутатын шайлоо процессиндеги кездешкен көйгөйлөр:

- шайлоо системасын камтыган мыйзамдардын татаалдыгы жана туруксуздугу;
- административдик ресурс;
- кара пиардын колдонулушу;
- шайлоого катышпоо;
- баарына каршы добуш берүү деп бөлүндү.

КРнын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө эгемендүү шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн этаптарга бөлүп кароонун негиздери төмөндөгү критерийлер менен далилденет:

1. 1989-жылдары СССР системасынын кулашы менен 1991-жылы 31-августта Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын жарыяланышы. Трансформациялык саясий системада бийликти алмаштыруу процессинин башталышы жана жаңы институттардын пайда болушу мамлекеттик башкаруу системасынын жаңы моделин түзүү процесси деп саналып биринчи этапка киргизилди.

2. 2000-жылдан 2010-жылдарга чейин шайлоо ситсемасына ГАС Шайлоо системасы колдонууга өтүлүп, шайлоочу бир нече коомдук каттоо тизмесинен өтүлүп, шайлоочунун тиешелүү мекемелерде активдүүлүгүн талап кылып, каттоодон өтүүсүнө негизделген. Жаңы киргизилген санариптүү өзгөчөлүк шайлоочунун тизмесине катталу жарандын өзүнө жүктөлүп, кыймыл аракеттерди талап кылган. Ошондой эле КРнын шайлоо жөнүндө Кодекси 2007-жылдын 23-октябрындагы N 158 Мыйзамына ылайык кабыл алынып, Жогорку Кенештин депутаттарын шайлоосу пропорционалдык системага өтүп, талапкерлер саясий партиянын тизмеси менен бекитилет деген өзгөчүлүк ишке киргендиги аныкталып экинчи этап деп белгиленди.

3. 2007-жылдан 2020-жылга чейин шайлоо процессине автоматтык эсептөө урналары, биометрикалык паспорт колдонууга киргизилип, санариптештирүүнүн өнүгүүсү уланарын аныктап, үчүнчү этап деп белгиленди.

4. Ал эми төртүнчү этап катары 2020-жылдан азыркы учурга чейин деп белгилеп парламенттин депуттары пропорционалдык жана можаритардык система аркылуу шайланат деген өзгөчөлүк киргизилди. Жыйнтыгында, КРнын ЖКнин 54 депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык тутум менен шайланат, ал эми 36 депутаты бир мандаттуу шайлоо округу боюнча мажоритардык система менен шайланат деп белгиленди. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык деп көрсөтүлдү: пропорционалдык тутум боюнча - саясий партияларга; мажоритардык тутум боюнча - саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга [5].

5. КРнын ЖКнин 8-чакырылышынын шайлоосу менен жаңы этаптын болоору ыктымал болуп турат.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ

**Ченемдик укуктук актылар**

1.Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Слово Кыргызстана. – 2021. – 11 май.

2.Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]: 2010-ж. 24-июнунда референдумда кабыл алынды. – Бишкек: ОсОО Камила Принт, 2015. – 123 б.

3.Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]: Кыргыз Респ. ЖК он экинчи сессиясында 1993 ж. 5-майында кабыл алынган, 2003 ж. 2-февр. Референдумда кабыл алынган 2003 ж. 18 февр. №40 Кыргыз Респ. Конституциясынын жаңы ред. жөнүндө Кыргыз Респ. мыйзамында баяндалган. – Бишкек: Учкун, 2003. – 108 б.

4.Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясы Фрунзе, 20.04.1978 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205064?cl=ru-ru. – Загл. с экрана.

5.**Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам:** 2011-ж. 2-июлу N 68 (КР 2011-ж. 25-нояб. № 221, 2015-ж. 23-апр. № 88, 2017-ж. 5-июнундагы № 96, 2019-ж. 8-авг. № 116, 2020-ж. 30-июнундагы № 68, 2020-ж. 11-нояб. № 2, 2021-ж. 15-июлундагы N 84, 2021-ж. 26-авг. № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203244 – Загл. с экрана.

6.Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси – Бишкек, 28.10.2021ж., № 127 (Кыргыз Респ. 2021-ж. 28-окт. № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилет) (Кыргыз Респ. 2022-ж. 18-янв. № 4 Мыйзамынын редакциясына ылайык) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112309?cl=ky-kg – Загл. с экрана.

7.Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодекси. Бишкек, 28.10.2021ж. 2021-жылдын 28-октябры № 128 (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилди. О введении в действие Уголовного кодекса Кыргызской Республики, Уголовно-процессуального кодекса Кыргызской Республики, Кодекса Кыргызской Республики о правонарушениях и внесений изменений в некоторые законодательные актыц Кыргызской Республики [Текст]: закон Кырг. Респ. от 28 окт. 2021 г., № 126 // Норматив. акты Кырг. Респ. – 2021. – № 51. – С. 2-23.

8.«Жаңы кодекстер» Кыргыз Республикасынын жазык кодекси. 2017-ж. 2-февр., № 19 (Кыргыз Респ. 2017-ж. 24-янв. № 10 Мыйзамы менен 2019-ж. 1-янв. тартып колдонууга киргизилген, 2021-ж. күчүн жоготту) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.shailoo.gov.kg/kg/novye-kodeksy/ – Загл. с экрана.

9. Бузуулар жөнүндө [Текст]: кыргыз респ. 2017-ж. 13-апр., № 58 кодекси (2019-ж. 1-янв. тартып күчүнө кирген, 2021-ж. күчүн жоготту) // Норматив. акты Кырг. Респ. – 2017. – № 30/31. – С. 5-82.

10. Жоруктар жөнүндө [Текст]: Кыргыз Респ. 2017-ж. 1-февр., № 18 кодекси (Кыргыз Респ. 2017-ж. 24-янв. № 10 Мыйзамы менен 2019-ж. 1-янв. колдонууга киргизилген, 2021-ж. күчүн жоготту) // Норматив. акты Кырг. Респ. – 2017. – № 29. – 3-24-б.

**Адабиаттар тизмеси.**

11. Абдылдаева Н.У. Кыргыз Республикасынын шайлоо ситсемасынын конституциялык-укуктук негиздери [Текст] дис. ... юрид. илим. канд: 12.00.02 / Н.У. Абдылдаева. – Бишкек, 2024. – 171 б.

12. Абдылдаева Н.У. 2023-жылдын 28-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда өтүлгөн №26 Ленин бир мандаттуу шайлоонун жыйынтыгы [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Издание Меж.унив. Ала-Тоо. Общ.гум.науки.–2023. –№3. – С. 367-375 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54881662

13. Абдылдаева Н.У. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы көйгөй – шайлоочунун шайлоо маданияты [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Издание Меж.унив. Ала-Тоо. Общ.гум. науки.–2022. –№2. – С. 193-199 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49469553

14. Абдылдаева Н.У. Кыргыз Республикасынын шайлоо тутумунун өнүгүүсүнө конституциялык реформалардын тийгизген таасири [Текст] / Н.У.Абдылдаева // Известия НАН КР. Юрид.науки.–2022.– №3. – С.187-192 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49772359

15. Абдылдаева Н.У. Выборы 2020 – новый этап избирательного процесса [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К. К. Сарымсаков // Вестник КРСУ. Юрид.науки.–2020.– №3. – С.78-82. – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45659117

16. Абдылдаева Н.У. Анализ избирательной системы Кыргызской Республики в период с 1991 по 2017 гг.[Текст] / Н.У. Абдылдаева // Вестник КГУ им.И.Арабаева. Общ.гум.науки.–2019.– №1. – С.245-250 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42502910

17. Акаева, Б. Цветы зла. О так называемой “тюлпановой революции” в Кыргызстане [Текст] / Б. Акаева. – Бишкек, 2006. – 146 с.

18. Акунов, А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021) [Текст]: Окуу китеби / А. Акунов, Т. К. Чоротегин. – Бишкек: И.Д. Калем, 2021. – 1040 б.

19. Аманалиев У.О. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу [Текст]: окуу китеп. – Бишкек: ДЭМИ, 2023. – 430 б.

20. Артыкбаев, М. Т.. Саясат таануу илими [Текст]: жогорку окуу жайлар үчүн окуу куралы / Абдрахманов Т.А., Дуйшеналиев Ч.Д.–Бишкек: Принт Экспресс, 2017. – 264 б.

21. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө: Кыргыз Респ. Шайлоо ж-а референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын № 836 Токтому. Бекитилген күнү: 15.12.2021ж. https://shailoo.gov.kg/kg/news/6048/

22. БШКнын токтомдорунун архивтик бөлүмү: https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_CIK_KR -BShKnyn_toktomdoru/

23. БШКнын берген маалыматы: 2022-жылдын 27-февралында бир мандаттуу №27, 29 шайлоо округтагы кайра болгон шайлоонун, 2023-жылдын 28-майда бир мандаттуу №26 шайлоо округтагы кайра шайлоонун, 2023-жылдын 10-сентябрында бир мандаттуу №26 шайлоо округтагы кайра шайлоонун жыйынтыгы. https://shailoo.gov.kg/kg/news/6212/ / / https://shailoo.gov.kg/kg/news/6879/

24. Исаев, К. Коом жана ыңклап [Текст]: окуу китеп / Н. Суйлейманова. –Б.: Maxprint, 2011. – 222 б.

25. «Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзам долбоору үч окууда кабыл алынды, 16.04.2025 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://shailoo.gov.kg/kg/news/7814/

26. Тогусаков, О.А. Улуттук идеянын саясий-укуктук маселелери. [Текст]: окуу китеп / Ж.Асанов – Б.: Кут-Бер, 2017.-448 б

27. Эгемендикке 30 жыл: Кыргызстан баскан татаал жол. – Бишкек, 31.08.2021 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: – Загл. с экрана.